# *ПЛИТОНИТ СУПЕРКАМИН ОТКО ЧЫДАМДУУ*

| | |
|---|---|
| *Тамгалык белгилениши:* | **Отко чыдамдуу** |
| *Аталышы:* | Отко чыдамдуу шамот кыштарын тизүү, мештерди, каминдерди жана морлорду шыбоо жана ондоо үчүн бекемдөөчү ысыкка чыдамдуу булалары бар аралашма. |
| *Белгилер:* | +1200°С, РПО РУССКОЕ ПЕЧНОЕ ОБЩЕСТВО |

***Артыкчылыктары***

- Сырткы жана ички иштер үчүн
- Сарпталышы аз
- Кышты суулап отуруунун кажети жок
- Көпкө чейин бышыктык: аралашматын кеңейүү көрсөткүчү шамот кышынын кеңейүү көрсөткүчүнө шайкеш келет
- Ысыкка чыдамдуулук белгиси Т20

Өңү

| | |
|---|---|
| СЕРЫЙ | БОЗ |
| ЖЕЛТЫЙ | САРЫ |

Имараттын ичинде жана сыртында мештерди, каминдерди, мангалдарды жана морлорду тургузуу, шыбоо жана ондоо, ошондой эле отко чыдамдуу шамот кыштарын кыюу үчүн арналган. Технологиясы мыкты, сууну да жакшы кармайт. Анын үстүнө суу өткөрбөйт, жарака кетпейт, үнөмдүү сарпталат. Толтургучтун эң чоң бөлүкчөсү — 1,2 мм. Кыш коюу тигишинин сунушталган калыңдыгы 3–4 мм Бир жолу шыбаганда катмардын калыңдыгы 10 ммге чейин. Таңгактоо — 20 кг, 4 кг.

**Материалдын сарпталышы**

Даяр аралашманын көлөмү: 11-12 литр / 20 кг кургак аралашма.
Тигиштин калыңдыгы 3 мм болгондо материалдын чыгымы — 0,22 кг/кыш (өлчөмү 228х115х64 мм), башкача айтканда, 20 кг кургак аралашма 90 кышты кыюуга жетет.

**Жумуш аткаруунун шарттары**

Ишти жүргүзүп жаткнада жана ал аяктагандан кийинки 7 сутка ичинде абанын жана кыштардын температурасын +5°Стан +30°Ска чейинки чекте кармап туруу зарыл. Иш жүрүп жаткан учурда аралашманын температурасы +10°Стан +30°Ска чейин болушу керек.

**Негизди даярдоо**

Шамот кыштарынын бети кургак, ошондой эле кирден, чаңдан, майдан, ар кандай боектордон, чопо жана цементтен тазаланган болушу керек. Шамот кышында жаракалар, көңдөйлөр, таш сыныктары жана башка бөтөн нерселер болбошу шарт; ал туура формада болуп, тыкылдаткан учурда даана жана таза добуш чыгарышы керек.
Сырткы дубалдарды шыбап жатканда, алгач бардык жаракаларды, сыныктарды жана оюуктарды Plitonit СуперКамин ТермоРемонт ондоочу аралашмасы менен толтуруп, тегиздөө зарыл.

**Аралашманы даярдоо**

Кургак аралашманы суюлтуу үчүн ичүүчү сууну колдонуңуз. Аралаштыруу катышы: 1 кг кургак аралашмага 0,24-0,32 л суу талап кылынат (20 кг аралашмага 4,8-6,4 л). Суунун көлөмүн көрсөтүлгөн чектин алкагында аралашманын керектүү коюулугуна жараша аныктаңыз. Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн сууга кошуп, электр миксери же насадкасы бар электр бургусу менен 2-3 мүнөт бою, айлануу ылдамдыгы мүнөтүнө 600дөн ашырбай, бир өңчөй абалга келгенче аралаштырыңыз. Эритмени 10 мүнөт тыныктырып, андан кийин кайра бир жолу аралаштырып алыңыз. Кайра аралаштырылганда жогоруда көрсөтүлгөн катыштын эң көп көрсөткүчүнө чейин суу кошууга уруксат берилет. Даяр аралашманы колдонуу убактысы – 4 сааттан ашпайт.

**Иштин тартиби**

***Мешти салуу*** Дубалдын монолиттүү жана бекем түзүмүн камсыз кылуу үчүн кладканы коңшу катарлардагы тик тигиштерди кыштын жарымы же төрттөн бир бөлүгүнө жылдыруу аркылуу жаап аткаруу зарыл. Ар бир катарды тизүүдөн мурун, кышты аралашмасыз («кургак бойдон») алдын ала тизип көрүү керек.

Аралашманы кыштын аянтына тете болгон жерге жайып, тегиздөө керек. Даярдалган аралашмага кыш коюлуп, колуңуз менен басып же мастерктин сабы менен акырын тоңкулдатып тегизделет. Катардагы кийинки ар бир кышты коюуда анын каптал бетине да аралашма сүйкөлөт. Материалдын чыгымын азайтуу жана аралашманы кыштын бүткүл аянты боюнча бирдей бөлүштүрүү үчүн тиштүү шпателди колдонуу сунушталат. Кыш коюу учурунда дубалдын ички жана сырткы беттерин тигиштерден чыгып калган аралашмадан тазалап, жылмакайлоо керек. Ал эми ички беттерин кошумча кыл щеткасы же нымдуу чүпүрөк менен сүртүп чыгуу зарыл. Кыш тизүүдө тигиштерди бири-бирине кайчылаштырып жайгаштыруу эрежелерин сактоо, ар бир катардын Туурасынан текшилигин жана тизилген дубалдын тегиздигин (томпогой же оюук болбошун) бардык тараптан текшерип туруу зарыл. Кыш коюунун туурасынан жана тигинен тигиштери аралашма менен толугу менен толтурулушу керек.

***Шыбоо.*** Мештер менен каминдер толук кургагандан кийин гана шыбак иштерин жүргүзүү керек. Шыбоонун алдында дубалдын бетин кылдат тазалап, тигиштердеги аралашманын 5–10 мм тереңдикке чейин алып салуу зарыл.

***Мештерди жана каминдерди оңдоо.*** Оңдоо иштерин баштоонун алдында тигиштердеги аралашманы дубалдын тереңдигинин 1/3 бөлүгүнө чейин тазалоо керек. Андан кийин тигиштерди чаңдан тазалап, нымдоо керек. Бузулган жерге аралашманы толук толгонго чейин шыбоо керек. Ашыкча аралашманы алып салуу зарыл. Бир жолу сүйкөлүүчү катмардын эң чоң калыңдыгы 10 мм чейин. Оңдоодон кийин мешти 72 сааттан соң колдонууга болот.

**Мешти кургатуу**

Колдоно баштаардан мурун, конструкцияны табигый же жасалма жол менен кургатуу керек.

Табигый жол менен кургатканда конструкция жайгашкан бөлмөнүн терезелери менен эшиктери күнү-түнү ачык турушу керек, бир жерден уруп, экинчисинен чыккан шамал болбошу керек. Бардык тээктер, мештин жана күл салгычтын эшиктери ачык болууга тийиш. Мындай кургатуу ~7–10 күндү талап кылат.

Жасалма жол менен кургатканга конструкция мезгил-мезгили менен кургак отун менен жагылып, отундарды бара-бара көбүрөөк салынат.

Биринчи жолу от жагардын алдында мордун ичине кагаз, саман же жыгач таарындыларын жагып, жылытуу керек. Алгач мешти суткасына эки жолу, 60-90 мүнөттөн ашпаган убакытта күл салгычтын жана мештин эшиктерин, ошондой эле калак темир менен тээктерди ачып, аз өлчөмдөгү отун менен жагуу зарыл. Андан кийин күн сайын улам көбүрөөк отун салып туруу керек, мында мештин сырткы бетинин температурасы +50°Стан ашпашы керек.

Кургатуу мештин бетинде ным тактар пайда болбой калганда, ал эми тээкте же калак темирде конденсаттын издери жок болгондо аяктады деп эсептелет.

Температура 700°Стан жогору болгондо, аралашма жакшы бышып баштайт, бул анын түсүнүн өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн. Эгерде кыш арасындагы тигиш агарып калса, бул курам мүмкүн болушунча бекемдилип, узак мөөнөттүү колдонууга даяр болгондугун билдирет.

**Көңүл буруңуз**

Иштерди аткарууда СНиП 41-01-2003 талаптарын аткаруу зарыл. Жумуш аткарылып жаткан аралашманы мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу сунушталат. Даяр болгон эритме аралашмасына кошумча суу кошууга тыюу салынат. *Иш учурунда кол кап колдонуңуз. Аралашма териге тийбегидей жана көзгө кирбегидей болсун.*
БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!

**Ташуу жана сактоо шарттары**

Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак жайларда, таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон шарттарда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн таңгагындагы сактоо мөөнөтү: кагаз каптарда – 12 ай, полимердик баштыктарда – даярдалган күндөн тартып 24 ай.

**Курамы**

Отко туруктуу толтургуч, гидравликалык байланыштыргыч зат, функционалдык кошумчалар, бекемдөөчү булалар

**Өндүрүүчүнүн кепилдиги**

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманы техникалык шарттардын талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмактан уруксат берилген четтөөлөр ГОСТ Р 8.579-2001 стандартына ылайык аныкталат. Өнүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилген (Аэфф < 370 Бк/кг, СанПиН 2.6.1.2523–09 (НРБ-99/2009) боюнча материалдардын I классы).

**Техникалык мүнөздөмөлөрү**

| | | |
|---|---|---|
| Толтурманын эң көп бөлүкчөсү | | 1,25 мм |
| Кыш коюу тигишинин калыңдыгы | | 3-10 мм |
| Шыбак катмарынын 1 жолу шыбалгандагы калыңдыгы | | 10 мм чейин |
| Колдонуу температурасы | | +10°Стан +30°Ска чейин |
| Эң көп иштөө температурасы | | +1200 °С |
| 1 кг кургак аралашмага кошулуучу суунун көлөмү*<br>20 кг аралашмага | | 0,24-0,32 л<br>4,8-6,4 л |
| Материалдын сарпталышы | кыш коюуда | 20 кг, болжол менен 90 кыш үчүн, катмардын калыңдыгы 3 мм болгондо |
| | шыбоодон | 20 кг, болжол менен 5 $м^2$ үчүн, катмардын калыңдыгы 3 мм болгондо |
| Даяр аралашманын колдонуу убактысы | | 4 саттан ашык эмес |
| Аралашманын кысууга бекемдиги эсептелген мөөнөттө 7 сутка болгондо, кем эмес | | 5 МПа |
| Аралашманы кысуудагы калдык бекемдиги, кем эмес | | 2,0 МПа |
| Аралашманын суукка чыдамдуулук көрсөткүчү, кем эмес | | F75 |

*суунун эң дурус чыгымы өндүрүүчүнүн өнүмдүн белгилүү бир партиясы үчүн берилген Сапат документинде көрсөтүлгөн

**Маанилүү кеңештер**

Өз колуңуз менен меш жасоо боюнча кеңештерди жана сунуштарды жакында биздин жаңы сайтыбыздан таба аласыз: ………………….. Бул жерде мештердин жана каминдердин долбоорлору топтолуп, жарыяланат. Мештин кыш коюу тартиби ар бир катар үчүн көрсөтүлгөн. Сиз меш усталарынын толук нускамаларын жана кесипкөй чиймелерин колдонуп, мешти өз колуңуз менен кура аласыз. PLITONIT СуперКамин түркүмүндөгү өнүмдөрдүн жардамы менен сиз барбекю мешин, мончо мешин, швед мешин, казан үчүн мешти, каминди, мангал үчүн мешти жана башка меш түрлөрүн жасай аласыз.

Эгерде сизге мештин же каминдин шыбагы керек болсо, PLITONIT СуперКамин ТермоШыбагын колдонуңуз. Мешти же каминди каптоо үчүн PLITONIT СуперКамин ТермоЖелим ысыкка чыдамдуу плитка желимин колдонуңуз.